# *Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулук менен кантип биргелешип күрөшүү керек: үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча жергиликтүү комитеттердин иш тажрыйбасы*

Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен “Социалдык технологиялар агенттиги” КБ (Кыргыз Республикасы) жана “Данило Дольчи” чыгармачылык өнүктүрүү борбору (Италия) тарабынан ишке ашырылган “ДаткАйым: гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү!” долбоорунун алкагында өлкө боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча 14 жергиликтүү комитет түзүлгөн, алардын негизги максаты үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алууга көмөктөшүү, үй-бүлөдөгү аялдардын жана кыздардын укуктарын коргоо болуп саналат:




Үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу боюнча комитеттер Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” мыйзамын ишке ашыруу, зомбулуктун ар кандай түрлөрүнөн жабыркагандарга өз убагында жана ар тараптуу жардам көрсөтүү, алдын алуу чараларын күчөтүү жана үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу максатында киргизилүүдө. Ушуга байланыштуу республиканын ар бир айыл өкмөтүндө жана шаарында мындай комитеттерди түзүү зарылдыгы келип чыкты.

14 жергиликтүү комитет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча мурда мындай демилгелер болбогон жана башка эл аралык уюмдардын колдоосу болбогон жергиликтүү коомчулуктарда түзүлгөн.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖАНА САКТОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КОМИТЕТ (ЖК) ДЕГЕН ЭМНЕ?

**ҮЗКК** - бул үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, аялдардын, балдардын, улгайган жана аракетке жөндөмсүз жарандардын укуктарын бузуу маселелери боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу үчүн мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзам субъекттеринин), жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнөн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн коомдук башталышта түзүлгөн туруктуу иштөөчү коллегиалдуу орган.




Жергиликтүү комитет аймактагы бардык субъекттердин аракеттерин бириктирген жергиликтүү деңгээлдеги үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо системасынын звенолорунун бири болуп саналат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча 14 жергиликтүү комитетке ар кайсы органдардан жана секторлордон 274 мүчө кирген:


**“Социалдык технологиялар агенттиги” КБ (АСТ)** – Дареги: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чүй пр., 164А, 408/1-каб.
Тел: (996 312) 31 16 71 – Email: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com




## МЕХАНИЗМДИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

- ЖК институтун түзүүгө кызыкдар болуу;
- ЖКнын потенциалын өнүктүрүү;
- Башка субъекттер менен биргеликте планды иштеп чыгуу;
- ҮЗКК мүчөлөрүнүн башка субъекттер (ИИО, аксакалдар соттору)менен биргеликте калктын кайрылууларын кароосу;
- Башка субъекттерге багыттоо.

**2021-2022-жылдар аралыгында 14 жергиликтүү комитеттин ишинин натыйжалары:**

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн колдонмо иштелип чыккан жана ЖКнын мүчөлөрүнө берилген (https://hero-datkayim.kg/publikaczii-datkajym/2916/);
- Бардык региондордон 600дөн ашык мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, ӨЭУнун өкүлдөрү жана жергиликтүү активисттер окутулду (Түндүк областтардан 439 катышуучу - Чүй, Талас, Ысык-Көл, Нарын жана түштүк областтардан 177 катышуучу - Ош, Баткен, Жалал-Абад) 1 күндүк жана 2 күндүк тренингдерде окуудан ийгиликтүү өтүштү (136 катышуучу 2 күндүк тренингдерде окуудан өтүштү жана 480 катышуучу 1 күндүк тренингдерде окуудан өтүштү жана саясий-маалыматтык жолугушууларга катышышты);
- Калк менен 20дан ашык профилактикалык жолугушуулар болуп, ага 1000ден ашуун адам катышты
- Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча ЖКнын (12) отуруму өткөрүлдү
- Тобокелдик тобуна кирген үй-бүлөлөр (80) аныкталды, алар менен туруктуу иш жүргүзүлүүдө
- 12 аял кризистик борборлорго жана баш калкалоочу жайларга жиберилди
- 2 аялга акчалай жардам берилди (13000 сом), 1 аялга үй берилди




***Жалал-Абад жана Ош областтарындагы Жергиликтүү комитеттердин акцияларынан сүрөт, 2022-ж.***





***КРдин түштүк областтарындагы Жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү үчүн семинарлардан сүрөт, 2022-ж.***



***КРдин түндүк областтарындагы Жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү үчүн семинарлардан сүрөт, 2022-ж.***

Бул жергиликтүү комитеттердин ишинин натыйжалары жыйынтыктоочу конференцияда (2023-ж. октябры) сунушталды, алардын презентациялары долбоордун сайтында жеткиликтүү:


- “Ысык-Көл, Нарын, Талас жана Чүй областтарындагы үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча жергиликтүү комитеттердин колдоосунан алынган сабактар” *Тюлекова Толкун*, КР Кризистик борборлор ассоциациясынын төрайымы – https://hero-datkayim.kg/prezentaczii/izvlechennye-uroki-podderzhki-mestnyh-komitetov-po-ohrane-i-zashhite-ot-semejnogo-i-gendernogo-nasiliya-v-issyk-kulskoj-narynskoj-chujskoj-oblastyah/
- “Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарындагы үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча жергиликтүү комитеттердин колдоосунан алынган сабактар” - *Жанна Саралаева*, “Жалал-Абад жарандык коомун колдоо борбору” КФ - https://hero-datkayim.kg/prezentaczii/czentr-podderzhki-grazhdanskogo-obshhestva-zhalal-abad/

Азыркы учурда Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча комитеттер өз аймактарында активдүү иш жүргүзүүнү, анын ичинде төмөнкүдөй иштерди улантууда:

- ЖК институту жөнүндө калкка маалымдоо (ватсап-группалар, короолорду кыдыруу, жергиликтүү басма сөздө жарыялоолор жана чыгып сүйлөөлөр ж.б.);
- Калк менен профилактикалык жолугушуулар (ата-энелер чогулуштары, 8-11-класстардын окуучулары менен чогулуштар);
- Агартуу жана түшүндүрүү иштери (МКЮЖ - юридикалык жардам, кризистик борборлор - психологиялык консультациялар);
- Жогорку тобокелдиктеги үй-бүлөлөр менен жана үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалында иштөө (үй-бүлөлөрдүн тизмесин түзүү, баш калкалоочу жайга жөнөтүү, документтерди калыбына келтирүү, алдын алуучу аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү, коррекциялык программалар).


Биз Комитеттердин ар кандай мүчөлөрү менен бир нече интервью өткөрдүк жана алардын иш-аракеттери жөнүндө сурадык, алар өз тажрыйбалары менен бөлүшүштү:

1. Нарын областынын Учкун ААнын ЖКнын иши жөнүндө кыска видео репортаж:





https://www.youtube.com/watch?v=ENi06lRA69s

2. Баткен областынын Халмин ААнын мүчөсү М.А. Мансурованын сөзү:




3. Ош областынын Төрт-Көл ААнын ЖКнын мүчөсү А. Кабылбек кызынын сөзү:





https://www.youtube.com/watch?v=PLIYiW_7ZhY


4. ҮЗККнын башка мүчөлөрүнүн сөздөрү:


**“Социалдык технологиялар агенттиги” КБ (АСТ)** – Дареги: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чүй пр., 164А, 408/1-каб.
Тел: (996 312) 31 16 71 – Email: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com












https://www.youtube.com/watch?v=TYICKHTWk0U

https://www.youtube.com/watch?v=KoUuh9mhsj8

Долбоордун жыйынтыктоочу конференциясында гендердик саясат боюнча координациялык органдын өкүлү – КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) Гүлмира Качкыновна Окоева – гендердик маселелер боюнча бөлүмдүн башчысы долбоорду 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегияны жана 2022-2024-жылдарга УИПти иштеп чыгуу жана илгерилетүү процессин эксперттик коштоо жана техникалык колдоосу үчүн (башка эл

аралык өнөктөштөр менен биргеликте), ошондой эле министрликтин гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук, гендердик теңчилик, өлкөнүн эл аралык конвенциялар жана башка демилгелер боюнча отчеттуулугу боюнча башка мыйзам чыгаруу жана программалык документтер боюнча эксперттик колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди жана төмөнкүлөрдү белгиледи:

- ЭСКММ мамлекеттик органдардын, ЖӨБОнун, жарандык коомдун уюмдарынын, ММКнын жана бардык кызыкдар уюмдардын арасында “ДаткАйым” долбоорунун иштелип чыккан продуктуларын жана методикалык материалдарын жайылтат;
- Министрликтерде жана ведомстволордо, ЖӨБОдо гендердик маселелер боюнча жооптуу адамдардын, ошондой эле алардын жетекчилеринин потенциалын жогорулатууну жана үзгүлтүксүз негизде окутууну улантуу маанилүү;
- 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегияны жана УИПти, ошондой эле гендердик басмырлоону жана зомбулукту жоюу боюнча башка программаларды жана мыйзамдарды ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын, ЖӨб органдарынын, жарандык коомдун жана эл аралык өнөктөштөрдүн кооперациясынын практикасын улантуу зарыл.